# Ыр

менен

жолугушуу

# Ыр менен жолугушуу

(ОБОНДУУ ЫРЛАРДЫН ЖЫЙНАГЫ)

ТҮЗГӨН С. ИЗРАИЛОВ

ФРУНЗЕ
«КЫРГЫЗСТАН»
1987

85. 319
Ы 34

Ы 34 **Ыр** менен жолугушуу: Обондуу ырлардын жыйнагы/Түз. С. Израилов; Сүрөт. А. Акматов.—Ф.: Кыргызстан, 1987.—136 бет.

Бул жыйнакка Кыргыз ССРинин маданият министерствосунун маданий-агартуу мекемелеринин Башкармасынын Репертуардык-редакциялоо коллегиясы тарабынан кабыл алынган кыргыз композиторлору менен обончуларынын кийинки кездеги жазылган жаңы ырлары топтоштурулду. Жыйнак өздүк көркөм чыгармачылыктын катышуучуларына арналат.

4912000000—200
Ы—————————222—87 ББК 319
М 451(17)—87


Сүрөтчүсү А. Акматов
Рецензиялаган Т. Саламатов

© «Кыргызстан» басмасы, 1987.

## ИЛЬИЧКЕ

*Обону А. Барпиевдики*
*Сөзү М. Жангазиевдики*

Марш темпинде






Өмүргө өлбөс кылып өнөр берген,
Тоскоолдун жолун таап жеңип келген.
Ленинге, генийге, улуу адамга, жол башчыга
Алкыш, даңк, эмгекчиден, бүткүл элден,
бүткүл элден, бүткүл элден.

Кыргызга бүткүл улут колун берген,
Достукка, ынтымакка көңүл бөлгөн.
Маркстын жолун чапкан Ленинге,
Алкыш, даңк эмгекчиден, бүткүл элден.
кыргыз элден!

# ЛЕНИН МЕКЕН ЖАРЫГЫ

*Обону Т. Имашевдики*
*Сөзү И. Исаковдуку*

Марш темпинде





Талкалап азабы курч азууларды,
Багынтып кол жетпеген ашууларды.
Азаттык, Достук, Эмгек, Теңдик деген,
Дүйнөгө бадырайган жазууларды.
Тарыхка Ильич келди эрдик жасап,
Тартуулап эл жерине асылдарды.

Отторун революциянын жагып алып,
Байрагын бакыт күндүн тагып алып.

Баатырдын айбатынан, кайратынан,
Жер дүйнө апрелде жаңыланып.
Келди Ильич жер шарынын күнү болуп,
Керемет шоола чачкан таңын алып.

## ПАРТИЯГА

*Обону А. Мурзабаевдики*
*Сөзү Э. Ибраевдики*



Жер айланып турган кезде огунда,
Менин жолум партиянын соңунда.
Чырпык элек, чынар болуп жетилдик,
Сенин түзгөн эң адилет доорунда.
Менин жолум партиянын соңунда,
Сенин түзгөн эң адилет доорунда.

Эң алгачкы айтаар ыйык сөзүмсүң.
Тийген күнүм, тиктээр эки көзүмсүң.
Бир максатка баш коштурган түбөлүк,
Биздин күндүн дирижёру өзүңсүң.
Тийген күнүм, тиктээр эки көзүмсүң,
Биздин күндүн дирижёру өзүңсүң.

## ДАҢКТАНАМ

*Обону М. Акматовдуку*
*Сөзү Ж. Абдыкалыковдуку*

Марш темпинде






Мен бүгүн төш кагаар эбим бар,
Даң салып сүйлөөгө эбим бар.
Күн сайын алдыга үндөгөн,
Партия, Ленин демим бар.


Айтар сөз арбын, албан да,
Тагдырым миң алкыш андан да.
Гүлдөгөн советтик жеринде,
Көз жарып төрөлүп калганга.

## КОМСОМОЛДОР

*Обону И. Рыспаевдики*
*Сөзү Э. Турсуновдуку*

Шаттуу







Эмгекте да биз сыналдык, биз жеңдик,
Эң бир кыйын жүрүштөрдө иргелдик.
Колдон бүтүп ГЭСтер, кендер, каналдар,
Коммунисттик жеңиштерге термелдик.
Комсомолдор!
Алга чамдап ар дайым,
Ата Журттун гүлдөшүнө дем бердик.

Достугубуз чептен бекем урагыс,
Доорубузга достук колун сунабыз.
Көп улуттун уландары, кыздары,
Тынчтык үчүн кол кармашып турабыз.
Ата Мекен арсеналын кеңейтип,
Тоого шахты, чөлгө завод курабыз.

Коркунучтуу куралдарды талкалар,
Колубузда орок жана балка бар.
Бийик учуп асмандаган ак кептер,
Биздин ишти жер жүзүнө айта бер.
Комсомолдор өлкөбүздүн абийири,
Өмүрдөгү бейпил жазды калкалар.

# БИРИНЧИ МАЙ

*Обону К. Турсункуловдуку*
*Сөзү Т. Мамеевдики*




Баары кызыл, кызарып күн чыгыштан,
Боёп жатат кызыл нурга бүт жерди.
Биринчи май өңчөй кызыл сызыктан,
Же болбосо кызыл нурдан бүткөнбү.
Айдарымга ак таажысы дилдиреп,
Айланага атыр чачып гүл күлөт.
Биринчи май сулуулукпу өңү өчпөс,
Же жаштыкпы картайбаган ким билет.

## АЛА-ТОО СҮЙГӨН МЕДЕРИМ

*Обону А. Султаналиевдики*
*Сөзү Ж. Алымовдуку*

Эргүү менен



Ыр курап аккан булагы,
Кыялга дайым жан жолдош.
Ажайып көрктүү Ала-Тоо,
Кызыкпас сага жан болбос.

Сыдырым урса төш жактан,
Жайлоонун келип илеби.
Мүнөттө батып бакытка,
Эргиген кыргыз жүрөгү.

Алыстап кетсе бир азга,
Сагынган билбейт не дээрин.
Сыйкырдап койгон жүрөктү,
Ала-Тоо сүйгөн медерим.

## АЛА-ТОО

*Обоңу И. Галиевдики*
*Сөзү А. Жумалиевдики*

Созулуңку







Күмүш миздүү чокуларың көк тиреп,
Күн нуруна күндүз бетин өптүрөт.
Күнгөйүнө чыгып барган адамдын,
Күлмүндөгөн күнгө колун жеткирет.

Алмаз миздүү чокуларың көк тиреп,
Ай нуруна аппак бетин өптүрөт.
Аскасына чыгып барган адамдын,
Алтын сөйкө айга колун жеткирет.

## БОРБОР ШААРЫМ

*Обону Э. Сасыбаевдики*
*Сөзү Т. Кожомбердиевдики*

Созулуңку




G Am
Бо- ло- чок
Em
күн- гө а- дым- дап, Бор- бо- рум
H7 Em C
ба- рат жа- ша- рып. Бо- ло- чок
G Am H7
күн- дү а- дым- дап, Бор- бо- рум
Em
ба- рат жа- ша- рып.
H7 Em C
ба- рат жа- ны- рып. Күч а- лып
G Am H7
эм- гек жа- ры- шы, Күн сай- ын
Em G
ба- рат жа- ны- рып. А -
Am D7
– – – а А

Балдарын дагы карысын ий,
Бапестеп турган шаарысың.
Билимге элди сугарып,
Бир тууган кылдың баарысын. 2 жолу

Көрктөнүп гүлдөй жасанып, ий,
Көчөсү кирсиз тазарып.
Болочок күнгө адымдап,
Борборум барат жашарып. 2 жолу

Аа.. аа.. аа аа
Аа.. аа.. аа аа аа
Болочок күнгө адымдап,
Борборум барат жашарып. 2 жолу

## АЛА-ТОО

*Обону Ж. Төлөновдуку*
*Сөзү А. Күрүчбековдуку*




Аралап кыйла жерди, далай элди,
Айланып көрүп келдим далай жерди.
Антсем да кең дүйнөнүн бурчтарынан,
Ала-Тоо тапканым жок сага теңди.

Ала-Тоо ысмың сүйкүм кагылайын.
Акылым, күчүм толду не кылайын.
Артыкча көзгө ысык көрүнбөсөң,
Анткорсуп сага кантип жалынайын.

## АЛА-ТОО

*Обону Б. Бадыкеевдики*
*Сөзү И. Исаковдуку*

Көңүлдүү







Сезимим сага байланып,
Сен барда күнүм ай жарык.
Ак сүйүүм эстейм Ала-Тоо
Ак шумкар болуп айланып.

Бийикке чыксам мен бүгүн,
Сен ээси бийик мөңгүнүн.
Тирегим, туурум Ала-Тоо,
Тилеймин эрдик өмүрүн.

## ЫСЫК-КӨЛ

*Обону А. Самудиновдуку*
*Сөзү С. Медербековдуку*

Созулунку






Басамын жээгин бойлоп назар салып,
Куттуу күн нурун төгөт бир ажайып.
Шапшынып ай тамактуу кыздар сүзөт,
Толкундун көк тулпарын минип алып.

Көл үстү көк иримдүү бүт сулуулук,
Эргиймин көргүм келет көңүл буруп.
Ысык-Көл, сен достуктун көлү болдуң,
Даңкыңды баалап жатат дүйнө угуп.

# АТА ЖУРТУМ

*Обону А. Малдыбаевдики*
*Сөзү Ж. Мамытовдуку*

Марш темпинде



Сен үшкүрсөң жүрөк жара тилинсин,
Сен кубансаң жаштык чалкып сүйүнсүн.
Көз жумганда турпагымсың Ата Журт,
Тирүүлүктө өмүр сүрөөр үйүмсүң.

Өзүң үчүн отко түшсүн алтын баш,
Сенсиз мага бакыт супсак, таалай аз.
Сен деп чыксын жаз коштогон каткырык,
Сен деп аксын кыш жандаган тамчы жаш.

Теменедей биз жашоодо баскан жол,
Бөлүкчөсү санжыргандын сенин зор.
Сен тунук бол, ой жагынан ылдам бол,
Үмүттүү бол, кубаттуу бол, эркин бол!

## АТА ЖУРТ ЧЫККАН КҮНҮМ

*Обону А. Нурманбетовдуку*
*Сөзү Т. Орокчиевдики*

Марш темпинде







Кереметке сөз да жетпес сүрөттөп,
Көркөмүнө кооз таңына нелер тең.
Бул суроого доор келатат тилектеш,
Ата-бабам ой жүгүрткөн эзелтен.
Суроолорду кайталашкан бир канча,
Жаңыраар деп обон болуп, ыр болуп.
Суусун жутуп, чаңкоом калар канганча,
Нуска сөздөр бизге жетти нур болуп.

Жерим тоонун, гүлдүн, күндүн мекени,
Жайнап турат, күүгүмдөбөс, күбүлбөс.
Улуу тоодо өмүр өттү нечени,
Адам болбос ажайыпка сүйүнбөс.
Бул жериме сuктанамын керемет,

# АТА ЖУРТУМ

*Обону О. Сатыбалдиевдики*
*Сөзү Т. Кожомбердиевдики*



Энедей ийип турат тоолор мойнун,
Элестейт бала чакта курган ойнун.
Аптапта, аяз күнү барсаң дагы,
Ар убак ачып турат сага койнун.
Ата Журт теңдеши жок чүрөктөйсүң
Ар убак солубаган мүрөктөйсүң,
Түгөнбөс эч убакта берекеси,
Түбөлүк кагып турган жүрөктөйсүң.

## ДОСТОРГО

*Сөзү, обону У. Асаналиевдики*




Жолдошсуз күлкү күлкү эмес,
Көңүлсүз байлык мүлк эмес.
Көбүндүн сүйкүм мүнөзүң
Көңүлдө дайым жүрчү элес.

Эсендик болсо эки аяк,
Эшилте басып кырды ашар.
Жүз жашап өтө көргүлө,
Жүрөктөш достор сырдашар.

## ТОО ТУУРАЛУУ ТОЛГОНУУ

*Обону А. Жээнбаевдики*
*Сөзү Ж. Абдылдаевдики*




Сагынганда бекем кысаар бооруна,
Жеримдеги белес мына, тоо мына.
Бул тоолордо бакыт жүрөт даң салып,
Моюн бербей ажал менен ооруга.

Азабына чимирилип ийиктей,
Туралбаймын тоомду сүйбөй, ийикпей.
Бул тоолордон узай албайм негедир,
Мамысына имерилген күлүктөй.

## МЕНИН КАЛКЫМ

*Обону К. Тагаевдики*
*Сөзү Ж. Мамбеталиевдики*

Шандуу




Ак ниет конок келсе жүзүң жарык,
Кой союп сыйлай жүргөн ата салтын.
Кызытып кымыз берип, май жедирген,
Пейлиңден
кагылайын кыргыз калкым.


Эринбей эртели кеч керки чапкан,
Комуз деп коңгуроодой үч кыл таккан.
Чер жазып чертип жүрсүн кыргыз эл деп,
Ай айланам
акылында́н ойлоп тапкан.


Жай келсе жашыл төрдүү тоого чыккан,
Агартып боз үй тигип малын баккан.
Так ошол кыргыз элдин тукумунун,
Эмгектен
эркек-кызы бакыт тапкан.

## ЭНЕ ТИЛ

*Обону А. Жээнбаевдики*
*Сөзү Р. Рыскуловдуку*

Эргүү менен







Бир-бир черин жазылат,
Куунап дилиң ачылат.
Көпкө чейин көз жайнап,
Бардык табам басылат.
Жылдыздуу тил сен,
Жарк-журк этип бөлүнгөн.
Сен үчүн мен ыдырап,
Жүз жеримен сөгүлөм.

Ак эткенден так этем,
Шириниңди шимиймин.
Тамшанамын сан кайра,
Эрийм, сенден жибиймин.
Ырдайм бардык үн менен,
Эне тилде ырымды.
Таасын сөзүң тандаймын,
Таңгалтууга кылымды.

# ЖАЙЛОО

*Обону С. Мамбетбаевдики*
*Сөзү И. Исаковдуку*




Орден алган чабан кызга жолугуп,
Сыр алыштым баарлашып чечилип.
Балдай татты кана жутсам сууңдан,
Сабадагы бышкан кымыз сезилип.

Жыл жемиши күлүп эшик түргөнүн,
Сезди бекен селки жоолук гүлдөрүн.
Сезсе эгер каймак майы көп болуп,
Зуулдай берсин канаты бар күндөрүң.

## АК-БУУРА

*Обону Б. Бейшеналиевдики*
*Сөзү Ж. Садыковдуку*

Созулуңку






Көргөндө көз тайгылтып тунуктугуң,
Күзгүдөй жалтылдатат күндүн нурун.
Тыңшасам кирген чакта күр-шар этип,
Куусунө батпай жатат биздин кылым.

Ак-Буура жанга жагым сенин ырың,
Жүрөктү кытыгылап бербейт тыным.
Ак пахта, гүл бакчанын баарын баккан,
Соолубас мүрөгүсүң ырыскынын.

## СОҢ-КӨЛ

*Обону А. Момунгазиевдики*
*Сөзү Ж. Садыковдуку*

Эргүү менен






Тамшантып айтып көбүнчө эл,
Талашсыз Соң-Көл сонун көл.
Гүлдөрү жыпар жыттанып,
Соң-Көл сонун көл,
Күн сайын согот атыр жел.

Сөз айтып көбүнчө эл,
Сөөлөткө Соң-Көл сонун көл.
Каз, өрдөк учуп каркылдап,
Соң-Көл сонун көл,
Карачы суусу тунук мол.

Жазышып жайда көңүл чер,
Жайлашат биздин эмгекчи эл.
Өмүргө кубат дем берген,
Соң-Көл сонун көл,
Өзүң дос барып көрүп кел.

# СОЛДАТТЫН ЫРЫ

*Обони Т. Имашевдики*
*Сөзү С. Урманбетовдуку*





Көп келип чекти күзөтүп,
Карагай болуп түнөгүм.
Үстүнө атаң чөп жыйган,
Үйүңдү коргоп жүрөмүн.


Шырп этсе дабыш арадан,
Зырп этип сезип жүрөмүн.
Наристе мөлтүр уялчаак,
Сүйүүңдү коргоп жүрөмүн.

Көзүмө-көзүң элестеп,
От болуп кете күйүүңө.
Ким ашык болуп жүрдү экен,
Мен коргоп жүргөн сүйүүгө.

## СОГУШ АПААТЫ

*Обону А. Жээнбаевдики*
*Сөзү Т. Байзаковдуку*






Каргыш согуш канча жанды жалмады,
Каргайт аны өлгөндөрдүн жарлары.
Каргайт аны кара кийген энелер,
Кайра кыргын көрбөсүнчү балдары.

Өчсүн күлү согуш жаккан оттордун,
Өчсүн үнү согуш аткан октордун.
Экинчи ирээт ыйлабасын жол карап,
Энелери арабызда жоктордун.

# УЛУУ ЖЕҢИШ ЭЭЛЕРИ

*Обону К. Бикалаевдики*
*Сөзү М. Осмоновдуку*

Марш темпинде





Түгөнөөрдө кургап жашоо булагы,
Жалп этерде жаштыгымдын чырагы.
Эл-жер үчүн төшүн тозуп ажалга,
Өмүрлөргө өмүрлөрдү улады.

Ырбабасын мындан ары жараңар,
Ыйлабасын кемпир, чалдар, балаңар.
Капа болуп каңырыгым жалындап,
Барган сайын суюлганга араңар.

# КЕЧИККЕН КАТ

*Обону М. Рыскулбековдуку*
*Сөзү С. Эралиевдики*

Созулуцку




Em
ты.
Ке- лип мы- на
H7 Em Am
эй, а- та- йын, ча- кы-рым-дан
H7 Em
ай жүз-дө- гөн кур- ман бол-гон эй,
Am D7 G D7 G
эй. сол-дат- ты,
Am D7 G H7
Жоо бе-тин- де ай- ин и- й
Em H7 Em Am
Из- де-ге- н О- шол,
D7 G E7 Am
бир кат же-ниш- ке Бир- ге
H7
бар- ган биз ме- нен а- ай
C Am G H7 Em
Бир- ге бар- ган биз ме- нен


Э-гер болсо (эй) ал аман,
Катты кысмак (ай) төшүнө.
Кудум жарык (ай) кыскандай,
Жыргап жаны (ай), (и) көшүлө жаны көшүлө.
Турмак эле анан да,
Тууган айлы (ай) эсине.

Келип мында (ай) атайын,
Чакырымдай (ай) жүздөгөн,
Курман болгон (эй) солдатты,
Жоо бетинде (ай), (ий) издеген, бетинде издеген.
Ошол бир кат жеңишке,
Бирге барган (ай) биз менен,
Бирге барган биз менен.

## ЖАШТАР ЫРЫ

*Обону К. Кадыралиевдики*
*Сөзү Б. Саркогоевдики*

Марш темпинде






Бутубуз тийген жерлерде,
Буруксуп жемиш жайнаган.
Колубуз тийген жерлерде,
Курулуш бүткөн сандаган.

Кайырма:

Атагы бийик, күчү мол,
Атабыз даңктуу комсомол.
Агабыз улуу партия,
Алдыда барат баштап жол.

# ЖАШТАР МАРШЫ

Марш темпинде

*Обону С. Бактыгуловдуку*
*Сөзү К. Курманбаевдики*




Биздин күчтөн толгон иштер жаралсын,
Биздин иштер бардык жерге таралсын.

Көтөр жайды, чыгар майды жумуштан,
Көзүбүзгө көрктүү болуп каралсын.

Жанып турса жаштык курак жалыны,
Токтобосун кайрат, күчтүн агымы.
Кана келгин, антты бергин Мекенге,
Кошулат деп жаштык күчтүн салымы.

### ТЕРМЕТЕТ БАКЫТ БЕШИГИН

*Обону М. Мойдуновдуку*
*Сөзү Э. Ибраевдики*



Жымыңдап нурун чачып Ильичтин,
Жылдыз калаам ырахатка киринсин.
Заводунан жаңы келген абалар,
Тынч уйкунун лаззатын шимирсин.
Укта аба, укта жеңе уктагын,
Кант татыган таттуу уйкуңду бузбагын.

Азаматтар шахталарда кен казган,
Койчумандар тоо-тоолордо мал баккан.
Пахтачылар, кызылчачы баатырлар,
Келечектин молчулугун камдашкан.
Эс алышсын иштермандар укташсын,
Тынчтык керек, тынч уйкусун бузбасын.


Күлкү уялап, шаттык жууп бетиңи,
Кубанч каптап, кутман кылсын кечими.
Эртең бизди улуу-улуу иш күтөт,
Термет, термет, термет, бакыт бешиги.
Жарп жазылып, жан сергисин миң эсе,
Жакшы жатып, жай тургула эмесе.

## СУГАТЧЫНЫН ЫРЫ

*Обону С. Турдубаевдики*
*Сөзү Ш. Ботбаевдики*

Созулуңку






Куралым темир курч кетмен,
Шилтесем суугa чулп эткен.
Элирип аккан тентек суу,
Эркимди ээрчип шыр эткен. 2жолу


Кетирбес кубат-күч демин,
Ыр ырдоо ырыс эрмегим!
Көөдөнгө толуп кубаныч,
Көп болсо болду элде эгин. 2жолу

## ДЫЙКАН

*Обону Э. Талиповдуку*
*Сөзү А. Курүчбековдуку*

Шаңдуу






Жай кышы бөлүп санаасын,
Жашарткан колхоз талаасын.
Жашылча, эт, май, дан менен,
Жабдыган жылда калаасын.


Қайырма: Ал дыйкан балбаны элим, жеримдин,
Асмандан түшкөн аптадан.
Жүгөрү, буудай толгон дан.
Қырка тоо жасап кол менен,
Ата Журт мээрин актаган.

Ал дыйкан балбан кенебес,
Ар кимдер ага тең эмес.
Журтуна бейиш куруучу,
Жумушчу гана энелеш.

## ЭНЕҚЕБАЙЫМ

*Обону К. Осмоновдику*
*Сөзү Ө. Кулумбаевдики*

Мелүүн



Сен көз жумсаң унутаармын жыл чыдап,
Мен көз жумсам көз өткөнчө буркурап.
Апакебай кара чачың куу болоор, 2 жолу
Кош эмчегиң алмак алмак-салмак зыркырап.

Энекебай билем, туям эмгегиң,
Энекебай өмүр жашың мен жедим.
Кантип мени карыш жерге узатсын, 2 жолу
Кактап күн-түн ак сүтүңдү эмгеним.


Кактап күн-түн ак сүтүңдү эмгеним,
Кирпик какпай канча жолу термедиң.
Татыбайтко минуталык толгооңо,
Менин күндү алып келип бергеним. 2 жолу

## ЭНЕ

*Обону Н. Кадырбаевдики*
*Сөзү З. Сооронбаеванык*

Эргүү менен






О, энеке сен өстүргөн балдарың,
Бир сен үчүн курман кылат жандарын.
Сен эмизген ак сүтүңөн кутулуп,
Гүлдөтсөм дейт Ата Мекен чарбагын.
Сенин тунук жүрөгүңдөй таптаза,
Кулпурушкан уландарың, кыздарың.

Бирдей сүйүп кичүү менен улуусун,
Жаман көрөм деп айтпайсың мунусун.
Бала үчүн бакыт күүсүн чалгандай,
Назик угам жүрөгүмдүн урушун.
Эмне менен салыштырсам тең келет,
Алтын эне акыйкаттуу жумушун.

## ЖОЛ ЫРЫ

*Обону М. Рыскулбековдуку*
*Сөзү Ж. Садыковдуку*



Биз жалын жаш, баарыбыз тең,
Жалындаган эр жеткен.
Чакырганда Ата Мекен,
Тайманбайбыз эмгектен.
Зор курулуш эстегенде,
Жүрөк чымырап,
Поезд дуулап, зым карагай,
Артка жыгылат,
Алдыда күтөт зор иштер,
Алдыга кыздар, жигиттер.

## МУЗЫКА САХНАСЫ

*Обону К. Турсункуловдуку*
*Сөзү Т. Кожомбердиевдики*






Көзгө илешпей ийик сымак айланып,
Дөңгөлөнүп аздан-аздан жайланып.
Алаканым кызыл гүлдөй албырат,
Талантына аркан-жипсиз байланып.

Кайырма:

Бирде көрсөң жылдызындай алыстай,
Бирде көрсөң жигитчилик намыстай.
Жүрөгүмө жыйнап жаттым бүтүндөй,
Бир үзүмүң, бир тамчыңды тамызбай.

Кайырма:

## БИЗДИН КЫЗДАР

*Обону З. Иманалиевдики*
*Сөзү С. Абдышованыкы*

Шандуу






Уяты бар жүздөрүндө,
Сүйүүсү бар көздөрүндө.
Илеп менен тартып алар,
Ширини бар сөздөрүндө.
Келбетине кылган куштар,
Келишимдүү биздин кыздар, кыргыз кыздар.

Жүрөгүндө жалын ойноп,
Жайга айланат кышкы ызгаар.
Жигиттерге жолборс сүрдүү,
Сырга бекем биздин кыздар.
Келбетине кылган куштар,
Келишимдүү биздин кыздар, кыргыз кыздар.

## ИЗДЕП ЖҮРӨМ

*Обону С. Момбековдуку*
*Сөзү Ж. Абдыкалыковдуку*




Баягы баскан изди басып келем,
Көз нурун көнгөн жерге чачып келем.
Саргайган эски сүйүү барактарын,
Сагынып кайра баштан ачып көрөм.

Дагы эле үмүт үзбөй издеп келем,
Жытыңды кумарлана искеп келем.
Жашынып, далдаланып көрүнбөйсүң,
Мынчалык таш боор белең, мерез белең.

Ойногон, күлгөн жерди тактай келем,
Уялчаак кара көзүм, таппай келем.
Ай мисал ак жүзүңдөн бир өбө албай,
Кеберсип эрдим кургап актай келем.

# ТОЮБУЗГА КЕЛГИЛЕ

*Обону А. Сейтказиевдики*
*Сөзү О. Абдылдаевдики*

Шаттуу






Тойду тойлоп улан-кыздар каткыра,
Күлкү менен көңүлдөрдү ачкыла.
Бирге жашап бак-таалайлуу болушсун,
Дагы бекем колуңарды чапкыла.
Жаштык жыргал турбайбы,
Үн алышып ырдайлы.

Өмүр гүлү ачылганы ушул деп,
Кел ырдайлы, толкунданып эреркеп.
Комсомолдук биздин тойго келгиле,
Сайрандайлы бакыт күнүн белгилеп.
Бийлеп, ойноп жыргайлы,
Кел курбулар ырдайлы.

## БИЛБЕЙ ЖҮРӨМ

*Обону Ж. Алибаевдики*
*Сөзү Ж. Садыковдуку*







Бөлүнсөк көрүшкөнчө кусаланып,
Көрүшсөк кайда болсо бирге барып.
Сен жүрдүң, мен да жүрдүм жетегиңе,
А бирок башканы таап кеттиң алдап.
Кантейин кала бердим ичтен зарлап.
Ишенбей сенин таштап кетериңе...


Өтсө да күндөр түнгө алмашылып,
Өтсө да далай жылга жалгашылып.
Өзүңдү эстеп дайым эзилемин,
Өзүңө качан кайдан кезигемин.
Дагы эле жүрөк түтпөйт кейип зээним,
Дагы эле билбей жүрөм эмне дээрим.

## СЕН МАГА

*Обону К. Айдаралиевдики*
*Сөзү Г. Момуновдыкы*

Созулуңку




Gm D7
бө, Мез- гил- дин
3 Gm
тен-тек же- ли а- бай- ла-гын, Ток-той тур,
3 Cm Gm
сар жал-бы- рак түш- пө, түш- пө.
Cm
Сен ма- га ке- лип жүр-
D7
бө күү- гүм кеч те
3
Күт тү- рүп за- рык- ты- рып
Gm 3
ка- лып кеч- ке Кө-ңүл - дүн
Cm D7 Gm
ар- ман күү- сүн зыр- кы- ра тып,
Cm D7 3
Ке- зи- гип. боз кы - роо- до,
Gm
жү рөк тү эз- бе


Сен мага келсең келчи таңым болуп,
Өмүрдө теңдеши жок багым болуп.
Агып кир жан дүйнөмө жарык нурдай,
Жаркытчы, жадыратчы жазым болуп.

Сен мага келсең келчи, жазым болуп,
Кетпесин мезгил өтсө бөөдө солуп.
Ырдалчу ырым болуп көөдөн толгон,
Эргитчи, элжиретчи назым болуп.

## КӨЗҮМӨ КӨЗҮҢ ЧАГЫЛЫП

*Обону К. Жапаровдуку*
*Сөзү Т. Имашевдики*






Ай менен күндөн бүткөнсүп,
Ажарлап жүзүң сүттөнүп.
Каякта жүрдүң көрүнбөй,
Далайдан бери издетип.

Окшошуп жайдын таңына,
Табылып жалгыз багыма.
Кылгырып коюп ансайын,
Кыйнадың, кантейин, бир өзүң
салдың жалынга.

## ЖАМИЛА

*Обону М. Рахматовдуку*
*Сөзү Э. Турсуновдуку*




Баратам кайыкта термелип тездеп,
Бактыма жаралган сулууну эстеп.
Бук болуп үстүмдөн булуттар көчөт,
Булуттар: Жамийла, Жамийла, Жамийла дешет.


Күн айтат, жел айтат асылдын атын,
Алтынга, каухарга алмашпас затын.
Жүрөгүм анда да зырп этип кетет,
Баары эле: Жамийла, Жамийла, Жамийла дешет.

## КӨЗДӨГӨНҮМДӨН

Мелүүн

*Обону С. Артыкбаевдики*
*Сөзү А. Иманбаевдики*






Топтошуп бассаңар,
Толкундап жүрөгүм.
Топ кыздар ичинен,
Өзүңдү тиледим.


Кайырма:

Тамшанып өзүңө,
Талпындым — тобокел.
Аясаң экен ай,
Ай, ай, ай, жароокер.

Кайырма:

## КУТТУКТАП ТУУЛГАН КҮНҮҢДҮ

*Обону Ч. Дүйшөналиевдики*
*Сөзү А. Иманбаевдики*



Келечек жолуң даңгырап,
Ырыска толсун турмушуң.
Түнөрбөй такыр маанайың,
Түшпөсүн төмөн жылдызың.

Кайырма:


Жалындуу өткөн өмүрдү,
Жашагын узак өмүрлүү.
Суктанып сага жагымдуу,
Сунабыз ырды көңүлдүү.

Кайырма:

## ТУРБАЙБЫ

*Обону С. Юсуповдуки*
*Сөзү Жеңижоктуку*






Өткөндөрдүн бардыгы,
Тарыхта болот турбайбы.
Бүт ааламга жалгыз күн (а),
Жарык (да) болот турбайбы. 3 жолу

Жакшы кылган жигитти,
Жары (да) болот турбайбы.
Эстүү жигит туш келсе (да),
Багы (да) болот турбайбы. 3 жолу

Күн түн менен алмашып,
Кете (да) берет турбайбы.
Өмүр татуу көрүнүп (а),
Өтө (да) берет турбайбы. 3 жолу

## ГҮЛМАЙРАМ

*Обону М. Бостонкуловдуки*
*Сөзү М. Алиевдики*

Эргүү менен




Ырдасам кошо күү кайрам,
Ыр болбосо күү кайдан.
Ыраазы болом көргөндө,
Ырыска шерик Гүлмайрам.
Ыраазы болом көргөндө да
Ырыска шерик Гүлмайрам.


Жаш талдын көркү бүр байлам,
Жагууда сага бүт айлам.
Жалындай сүйүүм өзүнө,

Жаштыктын оту Гүлмайрам.
Жалындай сүйүүм өзүңө да,
Жаштыктын оту Гүлмайрам.

Өзүңсүң өчпөс бүт сайран,
Өзгөдө шашпа көп майрам.
Эмгекте бирге жүрсөм дейм,
Элимде эрке Гүлмайрам.
Эмгекте бирге жүрсөм дейм да,
Элимде эрке Гүлмайрам.

## КӨРҮНСӨҢ БОЛО

*Обону Ү. Сыдыковдуку*
*Сөзү Ж. Абдыкалыковдуку*






Алыска, алыска,
Абалайт каркыра.
Жай дагы ирмелет,
Карабай артына,
Мен турам саргарып,
Сүйүүгө тартыла.

Отурсам, турсам да,
Оюмда жалгыз сен.
Таңдагы чолпондой,
Жарк этип бөлүнсөң.
Таалайым дагы бир,
Көзүмө көрүнсөң, көрүнсөң.

## АК БУЛУТТАР

*Обону И. Рыспаевдики*
*Сөзү Э. Турсуновдуку*

Вальс темпинде







Картайбас дайым жапжаш ак булуттар,
Кайрылбас ак шоокумдай канатыңар.
Бирде кар, бирде төгүп кара жамгыр,
Биз ичкен кашка суудай тазасыңар.
Адамдар кандай жашап жатышат деп,
Асмандан жерге назар саласыңар.

Алтындай сан кубулган ак булуттар,
Ар дайым тоо кыркалап барасыңар.
Асманда удургуган ак толкундай,
Айтқыла, кайда багыт аласыңар.
Акыркы шоола менен оттор өчөт,
А силер алоолонуп жанасыңар.

## КЫЗДЫН СЫРЫ

*Обону М. Эгешовдуку*
*Сөзү А. Иманбаевдики*




Карааның көрсөм алыстан,
Катуулайт жүрөк кагыштан.
Сөз айтпай, чыны сүрдөнөм,
Жаныңа жакын барыштан.

Билсеңчи тунук сезимди,
Жалынга түшкөн кезимди.
Эх, жаным, сага түбөлүк,
Энчилеп койгом өзүмдү.

## ЫРДА ЖҮРӨК

*Обону С. Юсуповдуку*
*Сөзү Г. Шакировиныкы*





Ырда жүрөк, ырахатка малын да,
Ырастаарым ыкшоо сүйлөп жалынба.
Сүйүү эмне жалбаруубу жөн гана,
Анте албасаң сүйүү өртүнө чабылба,
Анте албасаң сүйүү өртүнө чабылба.


Көркөмдөй бил сүйгөнүңдүн жамалын,
Көздөрү өрттөй, көтөрүңкү кабагың.
Сүйүү эмне тиктешүүбү жөн гана,
Сен да сүйүп сүйдүрүүгө жарагын,
Анте албасаң анда сенин чабалың.

Ырда жүрөк жыл өттү деп кайгырба,
Жылдар өтсө, сен жаштыкты кайра ырда.
Картаюуга тизе бүккөн күндө да,
Канаты учкул махабаттан айрылба.
Ырда жүрөк, ырда жаным, кайгырба.

## САГЫНГАН ЖАНМЫН

*Обону Р. Абдыкадыровдуку*
*Сөзү А. Узаковдуку*







Мезгилди күткөн маанайы күздөй кыялкеч,
Муңайым жанган үмүттөн үзүп бир элес.
Убайым жеген күндөрдү тансам бир паска,
Мендеги шоктук анчейин жаштык деле эмес.

Келгендер өтсө көк ирим жээкке таң менен,
Сагынчың төгүп, толкунга бол дейм жан жолдош.
Түйшүктүү өмүр, түндүгүм алыс болбосо,
Мен дагы көлдү сагынган жанмын сага окшош.

# МАХАБАТ НУРУ

*Обону С. Жумалиевдики*
*Сөзү К. Курманбаевдики*

Көңүлдүү







Кай жактасың жалжалым шамдай күйгөн,
Каалап жүрөк өзүңө башын ийген.
Билип койгун чындыктын чындыктарын,
Бир сен үчүн жаралган бардык дүйнөм.
Акыйкатчыл махабат нурун чачат,
Арманы жок адамдын өзүн сүйгөн.

Сага деген букет колумда гүлүм,
Тартуулаймын өзүңө муну бүгүн.
Ажыратып биле албай башым катат,
Асмандагы сен болбо тийген күнүм.
Эгер билсең махабат оту күчтүү,
Эрип кетип жүрбөйүн жетсе үнүм.

## КӨЛДҮН АЙЛУУ ТҮНҮНДӨ

*Обону К. Тагаевдики*
*Сөзү М. Алыбаевдики*

Көңүлдүү





Турмуш кенен, дайым бирге жүрүүгө,
Күүлөнгөнсүп күч кошулуп күнүгө.
Көл шарпылдап, сен жаркылдап,
Комуз менен кошо кеткен үнүңө.


Кызмат кыйын дайым бирге жүрүүгө,
Ашыгамын ал жайыңды билүүгө.
Качан болсо алга жүр дейт,
Кандай сонун керемет бар сүйүүдө.

# ОЙНОЙЛУ, ДОСТОР

*Обону А. Султаналиевдики*
*Сөзү И. Исаковдуку*

Шайыр







Ак терек менен көк терек,
Ойнодук далай батперек.
Ойлосок кызык ушулар,
Өмүргө кубат шат берет.

Кайырма:

Ойнойлу достор, ойнойлу,
Үлпөт күн аны тойлойлу.
Урматтуу эмгек, окууну,
Унутуп бирок койбойлу.

## КЕЛГИН ЖАЗЫМ

*Обону А. Нурманбетовдуку*
*Сөзү С. Алгожоевдики*




Керимселим болуп менден буйтадың,
А мен сенин жоогазынын жыттадым.

Жыттуу жазым, ашык жазым,
Жашыл жазым бир кылчайбай...
Кайып кеттиң, үндөгөнүм укпадың.

Жалгызсырап канча мезгил дегдесем,
Кышты тозуп, жайда, күздө эңсесем.
Келбей койдуң менин жазым,
Жүрөгүмдү миң туйлатып...
Келгин жазым, сага барам келбесең.

## БАЛАЛЫК

*Обону С. Түркмөновдуку*
*Сөзү А. Токомбаевдики*

Мелүүн



Бирге толуп, жер таянып туруп каз,
Кубанчына эки жашты кылат мас.
Үч жашында назик тили чулдурап,
Эрий турган мисирейген кара таш.

Жети жашта желек кармап чапкандай,
Жерден издеп көк жылдызын тапкандай.
Сезбесе да балалыктын кымбатын,
Жибербестен бек кучактап жаткандай.


Улгайганда жок издеген атчандай,
Кылчайышат уктап көзүн ачкандай.
Беймаралдык балалыктын изи жок,
Же түгөнгүр буюм эмес тапкандай.

## КЕЧИРИП КОЙ

*Обону К. Мендебаировдуку*
*Сөзү К. Мамбетакуновдуку*

Мелүүн







Кечирип кой жаңылдыкпы, жаздыкпы,
Чачылганын жыйнабаган мастыкты.
Ай алдында ак чөлмөктү ыргытып,
Жылдыздардан ,чакмак алчу жаштыкты.
Кечирип кой, кечирип ķой,
Кечирип кой жаңылдыкпы, жаздыкпы.

Кечирип кой кайрылбаган күндөрдү,
Кыялга мас кызыл айлуу түндөрдү.
Оттон ысык жүрөктөрдөн ачылып,
Колубузда соолуп кеткен күндөрдү.
Кечирип кой, кечирип кой,
Кечирип кой өткөн менен кеткенди.

## МАХАБАТ КӨПҮРӨСҮ

*Обону Ш. Асановдуку*
*Сөзү Б. Абакировдуку*

Мелүүн





Сен жакка ар бир күнү келет баскым,
Жүрсөм деп эмнегедир кетет шаштым.
Жан дүйнөм толкун болуп, тынчы кетет,
Жанашып көңүл сырым келет ачкым.

Сен десем алоолонуп келбейт жаткым,
Билбеймин кайсы жака сүйрөйт бактым.
Ойлонуп бирге басып өтөлүчү,
Ортодо көпүрөсүн махабаттын.

## МЕН СЕНИ ИЗДЕП КЕЛЕМ

*Обону И. Аманбаевдики*
*Сөзү А. Кыдыровдуку*

Созулуңку




Кымбатсың кызыл гүлүм сен баарынан,
Кылчактайм станоктун жандарынан.
Мен сени издеп келем, карап келем,
Көз талып институттун жандарынан.

Жай албай жан дегдеткен сезим менен,
Бир күндө миң сүйлөшөм көзүң менен.
Мен сени издеп келем, дегдеп келем,
Эми эле жолукчудай өзүң менен.

## СЕНИН НАЗИК МЭЭРИМИҢ

*Обону Р. Абдыкадыровдуку*
*Сөзү Б. Алыбаевдики*







Ай булактын кете албасам жанынан,
Кубат алсам туулган жердин таңынан.
Анда сенин таттуулугуң бул сенин,
Ырга айланып ысык сүйүү балынан. 2 жолу


Күнду тике карагандан танбасам,
Гүл жытынан жыттагандан канбасам.
Ал да назик мээримиң го бул сенин,
Ал убакта бир сен үчүн арнасам.

# МУҢДАШЫМ МУНАР КАЙДАСЫҢ

*Обону А. Керимбаевдики*
*Сөзү А. Токомбаевдики*

Созулуңку






Кучактап турсам туйлаган,
Жүрөгүңдү сагындым.
Эңкейсең эрке чайпалган,
Күбөгүңдү сагындым,
Муңаям таппай айласын,
Муңканып жалгыз олтурам,
Муңдашым Мунар кайдасың?.


Балбылдап карап оштонуп,
Күлгөнүңдү сагындым.
Керүүдөн чыккан маралдай,
Жүргөнүңдү сагындым.
Талпынам таппай айласын,
Таң атат дагы күн батат,
Тагдырым Мунар кайдасың?

Гүл бурак жийде жыттанган,
Илебиңди сагындым.
Мойнума жумшак оролгон,
Билегиңди сагындым.
Көксөймүн таппай айласын.

## СУЛУУГА

*Обону А. Керимбаевдики*
*Сөзү А. Осмоновдуку*

Мелүүн




Кош сүйгөнүм, коштошоордо жалынба,
Сен жакшы элең мен сүйө элек чагыңда.

Ак сүйүүдөн көңүл калуу көп экен,
Отуз жаштын улам аркы жагында.


Сен бир кептер боз шумкарын түнөткөн,
Унутулган учаар замат түнөктөн.
Сүйүү деген сүйүү эмес эринден,
Сүйүү деген от чачышуу жүрөктөн.

Сен бир бакча мөмөлөрүң келишкен,
Мен жүргүнчү ооз тийген жемиштен,
Сүйүү деген сүйүү эмес эринден,
Сүйүү деген сүзүп өтүү деңизден.

## КУСАЛЫК

*Обону А. Керимбаевдики*
*Сөзү Ж. Мамытовдуку*

Мелүүн






Тирүүлүк бүтүн бойдон тушап алып,
Түшүүдө өмүр менден ушаланып.
Узун түн элесиңди унута албай,
Унчукпас болуп кеттим кусаланып.

Коноктой күндөр өтөт алчыланып,
Күмүш сап камчы менен камчыланып.
Бой таштап тегирмендин парасына,
Кээ күнү калгым келет кайчыланып.

Көз бүтүп көк көйнөкчөн убагыңан,
Арбын жыл атың кетпей кулагыман.
Түшүмө киришиңди күндө тилеп,
Уктаарда угузбастан дуба кылам.

## ТҮНКҮ СЕРЕНАДА

*Обону Б. Тургунбаевдики*
*Сөзү Т. Кожомбеaccording*







Кучактап жумшак булуттай,
«Сүйөмүн»— дедиң унутпай.
Ошол сөз кызыл гүл болуп,
Жүрөктөн өсөт уруктай.

Унутпайм өрттүү кезимди,
Өчүрбөйм ошол сезимди.
Сүйүүдө кармайм туу кылып,
Жылдызга толгон көзүңдү.

## ЭҢСӨӨ

*Обону Д. Ажиевдики*
*Сөзү А. Чойбекованыкы*





Акырын сылап чачыңдан,
Ардагым десең эркелеп.
Жылмайып коюп сүйкүмдүү,
Жылкыңа кетсең эртелеп.
Аргымак минип келатсаң, (сен)
Алдыңдан чыксам эркелеп.


Төгүлүп жатса шүүдүрүм,
Ак бермет болуп көктөмдө.
Эрксизден мөлт деп төгүлсө,
Экөөбүз басып өткөндө.
Көңүлдү жүрсөк жай кылып, (биз)

# АЙ, ЧОЛПОНУМ

*Обону А. Тыналиевдики*
*Сөзү Б. Абакировдуку*

Эргүү менен






Көрүүнү эңсейм, көп убакта шашылып,
Көптөн бери келе жатам жашырып.
Тартуу күчү өзүңдөгү чолпонум,
Талпындырып мени жатат чакырып. 2жолу

Жылга карай айлар атын камчылай,
Жыргалы көп өчкүс элес калтырат.
Ашыктыгым күчтөндүрүп шык берди,
Ай, Чолпонум батпай турчу жаркырап! 2 жолу

## ТАПСАК ӨМҮР ДАРЫСЫН

*Обону А. Жаркынбаевдики*
*Сөзү Б. Өмүрованыкы*



Айтпай өмүр аздыгын,
Артта калды жаштыгым.
Мыкчып белден карылык,
Күбө тартты кастыгын. 2 жолу

Гүл заманым баарысын,
Сылайт жашын, карысын.
Антсе деле солубас,
Таптык өмүр дарысын. 2 жолу

## ЫР ЖАНА СЕН

*Обону А. Жаркынбаевдики*
*Сөзү С. Жусуевдики*



Жүрөгүмдү ээлендирип обондор,
Күү жаралып көңүлүмө сыйбаган.
Сөздү сызып, сөз ордуна сөз коюп,
Сөз артынан сөздү кынап кыйналам.


Ыгы менен, ыркы менен келтирем,
Ырларымдын уйкаштарын ыргагын.
Мен ойгонсом, көздөн кайым болушат,
Мээнет кылып түштө жазган ырларым.


Ыр менен сен, сен менен ыр экөөңөр,
Күндүр-түндүр көңүлүмдөн чыкпаган.
Мен өмүрдө экөөң менен күн көрүп,
Мен өмүрдө экөөң менен шыктанам.

## ЖҮРӨГҮМДӨ СЕНИН ЖАЛЫНЫН

*Обону Э. Мааданбековдуку*
*Сөзү С. Урманбетовдуку*

Созулуңку







Мындан мурун мындай күтүү, мындай сүйүү болбогон,
Ойгонсом да сени эстеп, сени ойлоп ойгоном.
Уктасам да сени ойлоп уктаймын,
Кандай бир жансың, кандай күчсүң өз эркиме (ай) койбогон.
2 жолу

Кыялымда гүлдү сунуп күлүмсүрөп келесиң,
Карегимде сергек, куунак сенин гана элесиң.
Жүрөгүмдө сенин гана жалының,
Сен мен үчүн дейм алыс жолго алып барар (ай) кемесиң.
2 жолу

# ЭНСӨӨ

*Обону Т. Нурматовдуку*
*Сөзү К. Курманбаевдики*

Созулуңку






Кубалап канча жылдар карааныңды,
Талашып тагдырымдан талабымды.
Өмүрүм ушул кезден чыга албай,
Өзүңө жетпей эми каламынбы.

Эриткен таттуу сөзүң кайда,
Эликтей элеңдеген көзүң кайда.
Жүдөттү го табылгыс кыялдарың,
Жүргөнүмдү билбеймин өзүм кайда.

## ҮМҮТҮМ

*Обону Ч. Сатаевдики*
*Сөзү З. Бабаевдики*






Ашыктыктын оту тутанып,
Алоолонду жалын күч алып.
Айталбастан ачык сырымды,
Арбып барат ичте кусалык.

Кайырма:


Үмүтүм ай алыскы,
Карегимди талытты.
Кайда кеттиң сени издедим,
Гүл ичинен жытың искедим.

Ашыктыкка мени каныктыр
Алоолонуп дайым жарык нур.
Азаптарга жалгыз таштабай
Ал оорудан өзүң айыктыр

Кайырма:

## УНУТПАЙЛЫ

*Обону Ү. Сыдыковдуку*
*Сөзү Ж. Мамбеталиевдики*



Гүлдөр жайнап биз сүйүүчү, биз өпкөн,
Ай да ошондой аяп карайт тээ көктөн.
Жаңырыктайт айткан өңдүү тоо суусу,
Силер сүйгөн, силер сүйгөн күн өткөн.
Келсе боло, келсе боло кайрадан,
Айлуу түндөр кирпик какпай күзөткөн.

Менде калып жаш элесиң жатталып,
Унутулбайт улам келет такталып,
Сезимиме таасир берген кездериң,
Сени эскерет жүрөгүмө от жагып.
Ошол укмуш, ошол жаркын кездер (ай),
Сенде дагы жүрсө болду сакталып.
Ошол укмуш, ошол жаркын кездер (ай),
Сенде дагы калса болду сакталып.

## МЕН КЕМЕ

*Обону Ж. Жумагуловдуку*
*Сөзү А. Осмоновдуку*

Мелүүн






Мен бир куш учаар жерге учуп жеткен,
Жем алган жалама зоо, жайдак беттен.
Кайдадыр бийик тоолор арасына,
Таарынчаак жаштыгымды, жаштыгымды, жаштыгымды
таштап кеткем.

Ал кездин алтындыгын эсиме албай,
Жаштыктын ар жагында жаштык бардай.
Ыйлатып уруп, сабап кете бергем,
Бир өппөй мандайынан, мандайынан, мандайынан
бир сылабай.

Картайып азайтууга кезек келет,
Бир жүргөн жакшы күндө жакшы эл элек.
Бирок да ошол тоолор арасында,
Жаштыгым ойноп-күлүп, ойноп-күлүп, ойноп-күлүп
жүрө берет.

# СҮЙҮҮ ЭЛЕСИ

*Обону Т. Нурматовдуку*
*Сөзү М. Ааматовдуку*

Созулуңку





Сен менин үмүтүмдөй алдадың да,
Күйгүзүп аптабыңа кармадың да.
Кайрылып назар салып койбодуң (ай),
Кайгынын чеңгелинде калганымда.

Ой сүрүп таңдын аткан таңдарында,
Сүйүүгө сен менчелик жанбадың да.
Корккондой тынч дүйнөнү тандап алып,
Сен кайра мага кайгы тандадың да.

## БАЛАЛЫК

*Обону А. Атабаевдики*
*Сөзү Т. Абдиевдики*






Апакем аяп жалынып,
Тимеле,
Өпкөсүн чапчу кагынып.
Тентегим ашса кээ бирде,
Алакан шап-шап чабылып.
Анда мен,
Туйтуңдап жатып алчу элем,
Тур десе болбой таарынып.
Балалык,
Таалайлуу биздин балалык.

Убакыт өтүп саналып,
Алыстан,
Узадың бизден балалык.
Кейиген менен пайда жок,
Келбейсиң кайра жаралып.
Эх, чиркин эргишип ойноп жүрсөк ээ,
Балалык сени таап алып,

## КОШ БОЛ ЭМИ

*Обону И. Кебековдуку*
*Сөзү Э. Ибраевдики*

Созулуңку





Ак кептерим, эркем ардагым,
Ачкычыңды издеп таппадым.
Ашыктыкка күнөө коё албайм,
Айла канча сага жакпадым.

Маңдайыңдан бакыт гүлү өнүп,
Маанайыңдан турсун күн өбүп.
Кол жетпеген оо асыл затым,
Кош бол эми, кош бол түбөлүк.

# ЖЫЛДЫЗДУУ ТҮН

*Обону Т. Жоробековдуку*
*Сөзү Б. Абакировдуку*




Сенин жытың гүлдөн артык сезилди,
Ай сылады аппак нурлуу бетиңди.
Дүйнөдөгү жалгыз кызык сен болдуң,
Дүүлүктүрүп кереметтүү сезимди.


Жыбыраган жылдыз улам суюлуп,
Ай шооласы жерге берип сулуулук.
Билинбестен өтүп жатты өзү эле,
Менден сага, сенден мага өтүп жатты жылуулук.

# ГҮЛДӨГӨН КОЛХОЗ АЙМАГЫ

*Обону Т. Карабаевдики*
*Сөзү Ь. Абакировдуку*

Шаңдуу







Бир жүрүп, бирге иштейбиз,
Мээримдүү карап сиз дейбиз.
Бирок да анча батынбай,
Сырдашуу жолун издейбиз.
Албырсаң назданып,
Айта албай жазганып,
Сырдашуу жолун издейбиз.

Көркөмдүү укмуш таңдары,
Көз салган жылдыз, ай дагы.
Бакытка дайым шериктеш,
Биз жүргөн колхоз аймагы.
Сыр чече билели,
Урматтап сүйөлү.
Бактылуу колхоз аймагы.

## ҚАЙДАСЫҢАР ҚУРБУЛАР

*Обону Ж. Эрмекалиевдики*
*Сөзү С. Эралиевдики*





Бирге келип анан тарап кеттиңиз,
Алыс болду, жакын болду арабыз.
Барган сайын жылдын саны көбөйүп,
Барган сайын биз улгайып барабыз.
Қайдасыңар курбулар?
О, ал кайда бирге жүргөн убактар?

Мезгил артка жыла түшүп бир азга,
Биз отурсак анда олтурган класста.
О, ал кайда ошондогу күндөрдөн,
Эскерүүлөр калды жалаң мураска.
Қайдасыңар курбулар?
О, ал кайда бирге жүргөн убактар?

# СЕЛКИНИН ЫРЫ

*Обону Ү. Оморовдуку*
*Сөзү С. Урманбетовдуку*



Куш дагы конот түнөккө,
Кусадар кылып жүдөтпө.
Жайлоонун гүлү дары дейт,
Жабыгып жүргөн жүрөккө.

Аракет кылсаң берекет,
Ар-намыс кумду элетет.
Коюнду кайрып суу жакка,
Коркпой бир чабан келе кет.

## КЫРЧЫН ЧАК

*Обону А. Нурманбетовдуку*
*Сөзү Ж. Медетовдуку*

Көңүлдүү







Кубантып элди табылган,
Багынды дайра чамынган.
Катарлап ГЭСтер курулуп,
Ильичтин шамы жагылган.
Жаштардын жаркын ишинен,
Жер бети гүлдөп, жаңырган.
Кыргызда кырчын уул-кыз бар,
Кылымга аты таанылган.

Күчтүн да албан күчү бар.
Турмуштун салттуу бүтүмү ал.
Томсорсо тоо тоготпос күч —
Максаттуу иштер күчүн ал!
Жыргалга калкым бөлөнгөн,
Ишке ашырып, түшүм ал.
Жалындуу жаштык тирегин,
Урматтап, барктап күтүп ал!

## ЖАШ СУЛУУ

*Обону Т. Томотоевдики*
*Сөзү А. Токтоакуновдуку*






Оңой бекен таалай куруу, бак куруу,
Оюнчуксуң эгер женсе азгыруу.
Аяз күндө жылытпаган сүйүүңдү,
Азыр неге тартуулайсың жаш сулуу.

# ӨЗ КОЛУНДА

*Сөзү, обону Ү. Асаналиевдики*




Даана турат жашыбызда айырма,
Кагып коюп, беделимди кайырба.
Мен өзүмдү окшоштурсам арчага,
Ал өзүңдү салыштырам кайыңга.

Көрөр замат көзүм түштү суктанып,
Кыйнап жүрөт көңүлүмдө бук калып.
Абалымды билер элең салмактап,
Бир азабым тартып көрсөң суткалык.


Жаратпассың, балким, салып сыртыңды,
Кечир, эгер бузуп койсом ыркыңды.
Сага карай бир керемет күч сүйрөп,
Жатса кантем алып коюп тынчымды.

Кыялымды кызыктыра бересиң,
Өзүң тургай канча сүйкүм элесиң.
Согуп турган жүрөк болсом, Мөөржан,
Мага карай тартып койгон жебесиң.

Махабатка кул турбайбы кары, жаш,
Ошол гана дулдул экен арыбас.
Саал калганда сары ооруга чалдыктым,
Өз колуңда өлтүрүү же дарылаш.

## БЕШИК ЫРЫ

*Обону И. Рыспаевдики*
*Сөзү Ж Бекниязовдуку*






Гүлдөрдү сылап терметет,
Желп эткен тоонун жели экен.
Өсөгөр уулум эр жетип,
Өсөгөр менин берекем.
Алдей,
Алдей,
Өсөгөр менин берекем.
Өсөгөр менин берекем.

Намыстуу ишке жараган,
Уулу бол совет калкынын.
Уйкунду сактайт ар адам,
Уктай кой менин алтыным.

# НАРИСТЕМ

Эргүү менен

*Обону С. Бактыгуловдуку*
*Сөзү К. Курманбаевдики*





Эркелеп ойноп жүргөнүң,
Эритет жанды күлгөнүң.
Қыдырсам издеп табылгыс,
Қымбаты өзүң дүйнөнүн.
Ар күнү менин наристем,
Ардагы сенсиң дүйнөнүн.

Алдыда өчпөс чырагым,
Ай, күндөн бүткөн ынагым.
Жакшылап сага арнаймын,
Жашоонун ушул курагын.
Толкута билгин наристем,
Турмуштун соолбос булагын.

# ЭРМЕГИМ

*Обону К. Нуралиевдики*
*Сөзү Б. Абакировдуку*



Көрбөй калсам түк жазылбайт кумарым,
Сен булбулум күлкү берип турарым.
Ала-Тоодой өбөгүмсүң күч берген,
Арген үндүү мөлтүр тунук булагым.
Арген үндүү мөлтүр тунук булагым.

Бар жогумду тең бөлүшчү ортогум,
Өзүң эмес, бизге кымбат боркогуң.
Эсен болгун эл кызматын аткарып,
Маңдайымда жанып турган чолпонум.
Маңдайымда жанып турган чолпонум.

Бал тили бар бажырайган эрмегим,
Мага сыймык борс-борс күлүп бергениң.
Ар биринин ыйык ишин унутпа,
Сүйүп өсүү Ата Журтун, эл жерин,
Сүйүп өсүү Ата Журтун эл жерин.

## ЖАЛГЫЗ АЛМА

*Обону С Исраиловдуку*
*Сөзү А. Кыдыровдуку*

Тамашалуу






Силкип койсом топ этти,
Чоңдугу чоң муштумдай.
Каап, тийбесем бардыгы,
Болмок экен ушундай.

Жалгыз алма башында,
Калган экен кызарып.
Өз көзүмө ишенбей,
Мойнум кетти узарып.

## БАКЧА

*Обону Б. Тургунбаевдики*
*Сөзү А. Кыдыровдуку*

Көңүлдүү







Билбегенди билдирет,
Аңгеме айтып күлдүрөт.
Акыл салып эжебиз,
Кечке дейре бир жүрөт. 2 жолу

Кол карматып бийлетет,
Жомок айтып сүйлөтөт.
Ыр гана эмес сүрөттү,
Тартканды да үйрөтөт. 2 жолу

Ойноп көңүл ачабыз,
Көп кызыкка батабыз.
Үйдү ойго албайбыз,
Келгичекти апабыз. 2 жолу

## БИР ТҮП КАРАГАТ

*Обону М. Рыскулбековдуку*
*Сөзү Т. Кожомберидевдики*






Ал кезде мен темир канат балапан,
Кулагымда чарылдаган саратан.
Ачка калып акыркысын сунсам да,
«Апа нан» деп тосо берем алакан.

Караңгыны калбырлап таң агарат,
Эне колу карегиме кадалат.
Таңдайыман такыр кетпейт тамшантып,
Тектирчеден апам терген карагат.

## ҚАС, ҚАС БӨБӨҚ

*Обону Б. Исаковдуку*
*Сөзү Д. Жамансартованыкы*

Көңүлдүү




Чыгырыкты бекем кармап,
Қана кадам таштагын.
Жүрөгүмө мүрөк суудай,
Алгач кадам басканың.
2 жолу


Мээрим карап мен тигилем,
Қыялыңа бүгүлөм.
Атыр жыттуу ой наристем,
Назик тоонун гүлүнөн. 2 жолу

Қас, кас бөбөк күлүп койчу,
Жылуу сөзүң угайын.
Чынар болоор чырпыгымды,
Сүйкүм карап турайын. 2 жолу.

# ТОО БУЛАК

*Обону Б. Бейшеналиевдики*
*Сөзү Т. Сыдыкбековдуку*

Созулуңку







Шар, шар шарылдап,
Көбүктөрү кыжылдап.
Көп сүйлөмө быжылдап,
Укмуш чечен тоо булак.
Эңкейиште тызылдап,
Оюн салма тоо булак.

Тоо, тоо, тоо булак,
Тоо булакка жууналык.
Чымыр булчуң бышыксын,
Тоо уланы экен деп,
Көргөн киши кызыксын. 2 жолу

## ЖАҢЫ ЖЫЛ

*Обону Г. Ашымованыкы*
*Сөзү Ж. Садыковдуку*




Жерге берген береке,
Элге берген береке.
Өркүндөсүн Ата Журт,
Өзүң берген белеке. 2 жолу

Окуп, ойноп баарыбыз,
Жыргап жаткан чагыбыз.
Арта берсин сен менен,
Биздин таалай багыбыз     2 жолу

Кел жаңы жыл, келе бер,
Тынчтык нурун себе бер.
Бирге болсун биз менен.     2 жолу

## БИЗ ПИОНЕР

*Обону* *Э. Тургунбаевдики*
*Сөзү* *Т. Нурматовдуку*

Марш темпинде



Мекенибиз эне-атабыз,
Мээримиңе канабыз.
Улууларды урматтайбыз,
Кичүүлөрдү сыйлайбыз.

Кайырма:

Биз пионер Ленинчи,
Үлгү жактан биринчи.

Күндөй жаркын оюбуз,
Бак-таалайлуу доорубуз.
Айга жетип колубуз,
Ачык дайым жолубуз.

Кайырма:

## ТЫНЧТЫК КАТЫ

*Обону М. Акматовдуку*
*Сөзү А. Иманбаевдики*






Көгүчкөнүм терезеден,
Учуп келип жегин жемден.
Тынчтык деген кат жазайын,
Тарат элге биздин элден.
Кайырма:

Алар кол созсун.
Бизге достошсун.
Катка согушту,
Такыр кошпосун.

Кайталоо:

Аппак өңүндөн,
Ак нур төгүлгөн.
Балдар бакытка,
Көрсө чөмүлгөн.

# МАЗМУНУ

Ильичке.
Сөзү М. Жангазиевдики.
Обону А. Барпиевдики . . . . . . . . . . . . . . . 3
Ленин Мекен жарыгы.
Сөзү И. Исаковдуку
Обону Т. Имашевдики . . . . . . . . . . . . . . . 5
Партияга.
Сөзү Э. Ибраевдики.
Обону А. Мурзабаевдики . . . . . . . . . . . . 6
Даңктанам.
Сөзү Ж. Абдыкалыковдуку.
Обону М. Акматовдуку . . . . . . . . . . . . . 7
Комсомолдор.
Сөзү Э. Турсуновдуку.
Обону И. Рыспаевдики . . . . . . . . . . . . . . 8
Биринчи май.
Сөзү Т. Мамеевдики.
Обону К. Турсункуловдуку . . . . . . . . . . 10
Ала-Тоо сүйгөн медерим.
Сөзү Ж. Алымовдуку.
Обону А. Султаналиевдики . . . . . . . . . . 11
Ала-Тоо.
Сөзү А. Жумалиевдики.
Обону И. Галиевдики . . . . . . . . . . . . . . . 12
Борбор шаарым.
Сөзү Т. Кожомбердиевдики.
Обону Э. Сасыбаевдики . . . . . . . . . . . . . 13
Ала-Тоо.
Сөзү А. Куручбековдуку.
Обону Ж. Төлөновдуку . . . . . . . . . . . . . . 15
Ала-Тоо.
Сөзү И. Исаковдуку.
Обону Б. Бадыкеевдики . . . . . . . . . . . . . 16
Ысык-Көл.
Сөзү С. Медербековдуку.
Обону А. Самудиновдуку . . . . . . . . . . . . 17
Ата Журтум.
Сөзү Ж. Мамытовдуку.
Обону А. Машаевдики . . . . . . . . . . . . . . . 19
Ата Журт чыккан күнүм.
Сөзү Т. Орокчиевдики,
Обону А. Нурманбетовдуку . . . . . . . . . . 20
Ата Журтум.
Сөзү Т. Кожомбердиевдики.
Обону О. Сатыбалдиевдики . . . . . . . . . . . 22

Досторго
Сөзү, обону Ү. Асаналиевдики . . . . . . . . . . 23
Тоо тууралуу толгонуу.
Сөзү Ж. Абдыдаевдики.
Обону А. Жээнбаевдики . . . . . . . . . . . . . 24
Менин калкым.
Сөзү Ж. Мамбеталиевдики.
Обону К. Тагаевдики . . . . . . . . . . . . . . 25
Эне тил.
Сөзү Р. Рыскуловдуку.
Обону А. Жээнбаевдики . . . . . . . . . . . . 26
Жайлоо.
Сөзү И. Исаковдуку.
Обону С. Мамбеталиевдики . . . . . . . . . . . 28
Ак-буура.
Сөзү Ж. Садыковдуку.
Обону Б. Бейшеналиевдики . . . . . . . . . . . 29
Соң-Көл.
Сөзү М. Алыбаевдики.
Обону А. Момунгазиевдики . . . . . . . . . . . 30
Солдаттын ыры.
Сөзү С. Урманбетовдуку.
Обону Т. Имашевдики . . . . . . . . . . . . . . 32
Согуш апааты.
Сөзү Т. Байзаковдуку.
Обону А. Жээнбаевдики . . . . . . . . . . . . . 33
Улуу жеңиш ээлери.
Сөзү М. Осмоновдуку.
Обону К. Букалаевдики . . . . . . . . . . . . . 35
Кечиккен кат.
Сөзү С. Эралиевдики.
Обону М. Рыскулбековдуку . . . . . . . . . . . 36
Жаштар ыры.
Сөзү Б. Сариогоевдики.
Обону К. Кадыралиевдики . . . . . . . . . . . . 38
Жаштар маршы.
Сөзү К. Курманбаевдики.
Обону С. Бактыгуловдуку . . . . . . . . . . . . 40
Термет бакыт бешигин.
Сөзү Э. Ибраевдики.
Обону М. Мойдуновдуку . . . . . . . . . . . . . 41
Сугатчынын ыры.
Сөзү Ш. Ботбаевдики.
Обону С. Турдубаевдики . . . . . . . . . . . . 42
Дыйкан.
Сөзү А. Күрүчбековдуку.
Обону Э. Талиповдуку . . . . . . . . . . . . 43

Энекебай.
Сөзү Ө. Кулумбаевдики.
Обону К. Осмоновдуку . . . . . . . . . . . . . . . 45
Эне.
Сөзү З. Сооронбаеваныкы.
Обону Н. Кадырбаевдики . . . . . . . . . . . . . 46
Жол ыры.
Сөзү Ж. Садыковдуку.
Обону М. Рыскулбековдуку . . . . . . . . . . . . 48
Музыка сахнасы.
Сөзү Т. Кожомбердиевдики
Обону К. Турсункуловдуку . . . . . . . . . . . . 49
Биздин кыздар.
Сөзү С. Абдышованыкы.
Обону З. Иманалиевдики . . . . . . . . . . . . . 50
Издеп жүрөм.
Сөзү Ж. Абдыкалыковдуку.
Обону С. Момбековдуку . . . . . . . . . . . . . . 52
Тоюбузга келгиле.
Сөзү О. Абдылдаевдики.
Обону А. Сейтказиевдики . . . . . . . . . . . . . 53
Билбей жүрөм.
Сөзү Ж. Садыковдуку.
Обону Ж. Алыбаевдики . . . . . . . . . . . . . . 54
Сен мага.
Сөзү Г. Момунованыкы.
Обону К. Айдаралиевдики . . . . . . . . . . . . . 55
Көзүмө көзүң чагылып.
Сөзү Т. Имашевдики.
Обону К. Жапаровдуку . . . . . . . . . . . . . . 57
Жамийла.
Сөзү Э. Турсуновдуку.
Обону М. Рахматовдуку . . . . . . . . . . . . . . 58
Көздөгөнүмдөн.
Сөзү А. Иманбаевдики.
Обону С. Арыкбаевдики . . . . . . . . . . . . . . 59
Куттуктап туулган күнүңдү.
Сөзү А. Иманбаевдики.
Обону Ч. Дүйшөналиевдики . . . . . . . . . . . . 61
Турбайбы.
Сөзү Жеңижоктуку.
Обону С. Юсуповдуку . . . . . . . . . . . . . . . 62
Гүлмайрам.
Сөзү М. Алиевдики.
Обону М. Бостонкуловдуку . . . . . . . . . . . . 64
Көрүнсөң боло.
Сөзү Ж. Абдыкалыковдуку.
Обону Ү. Сыдыковдуку . . . . . . . . . . . . . . 65

Ак булуттар.
Сөзү Э. Турсуновдуку.
Обону И. Рыспаевдики . . . . . . . . . . . . . 66
Кыздын сыры.
Сөзү А. Иманбаевдики
Обону М. Эргешовдуку . . . . . . . . . . . . . 68
Ырда жүрөк.
Сөзү Г. Шакированыкы.
Обону С. Юсуповдуку . . . . . . . . . . . . . 69
Сагынган жанмын.
Сөзү А. Узакованыкы.
Обону Р. Абдыкадыровдуку . . . . . . . . . 70
Махабат нуру.
Сөзү К. Курманбаевдики.
Обону С. Жумалиевдики . . . . . . . . . . . . 72
Көлдүн айлуу түнүндө.
Сөзү М. Алыбаевдики.
Обону К. Тагаевдики . . . . . . . . . . . . . 74
Ойнойлу, достор.
Сөзү О. Султановдуку.
Обону А. Султаналиевдики . . . . . . . . . . 75
Келгин жазым.
Сөзү С. Алгожоевдики.
Обону А. Нурманбетовдуку . . . . . . . . . . 77
Балалык.
Сөзү А. Токомбаевдики.
Обону С. Түркмөновдуку . . . . . . . . . . . 78
Кечирип кой.
Сөзү К. Мамбетакуновдуку.
Обону К. Мендебаировдуку . . . . . . . . . . 79
Махабат көпүрөсү.
Сөзү Б. Абакировдуку.
Обону Ш. Асановдуку . . . . . . . . . . . . . 81
Мен сени издеп келем.
Сөзү А. Кыдыровдуку.
Обону И. Аманбаевдики . . . . . . . . . . . . 82
Сенин назик мээримиң.
Сөзү Б. Алыбаевдики.
Обону Р. Абдыкадыровдуку . . . . . . . . . 83
Муңдашым Мунар кайдасың?
Сөзү А. Токомбаевдики.
Обону А. Керимбаевдики . . . . . . . . . . . 85
Сулууга.
Сөзү А. Осмоновдуку.
Обону А. Керимбаевдики . . . . . . . . . . . 87
Кусалык.
Сөзү Ж. Мамытовдуку.
Обону А. Керимбаевдики . . . . . . . . . . . 88

Түнкү серенада.
Сөзү Т. Кожомбердиевдики.
Обону Б. Тургунбаевдики . . . . . . . . . . . . . . . 89
Эңсөө.
Сөзү А. Чойбекованыкы.
Обону Д. Ажиевдики . . . . . . . . . . . . . . . . . . 91
Ай, чолпонум.
Сөзү Б. Абакировдуку.
Обону А. Тыналиевдики . . . . . . . . . . . . . . . 92
Тапсак өмүр дарысын.
Сөзү Б. Өмүрованыкы.
Обону А. Жаркынбаевдики . . . . . . . . . . . . . 93
Ыр жана сен.
Сөзү С. Жусуевдики.
Обону А. Жаркынбаевдики . . . . . . . . . . . . . 94
Жүрөгүмдө сенин жалының.
Сөзү С. Урманбетовдуку.
Обону Э. Мааданбековдуку . . . . . . . . . . . . 95
Эңсөө.
Сөзү К. Курманбаевдики.
Обону Т. Нурматовдуку . . . . . . . . . . 97
Үмүтүм.
Сөзү З. Бабаевдики.
Обону Ч. Сатаевдики . . . . . . . . . . . . . . . . . 98
Унутпайлы.
Сөзү Ж. Мамбеталиевдики.
Обону Ү. Сыдыковдуку . . . . . . . . . . . . . . . 100
Мен кеме.
Сөзү А. Осмоновдуку.
Обону Ж. Жумагуловдуку . . . . . . . . . . . . . 101
Сүйүү элеси.
Сөзү М. Ааматовдуку.
Обону Т. Нурматовдуку . . . . . . . . . . . . . . . 103
Балалык.
Сөзү Т. Абдиевдики.
Обону А. Атабаевдики . . . . . . . . . . . . . . . . 104
Кош бол эми.
Сөзү Э. Ибраевдики.
Обону И. Кебековдуку . . . . . . . . . . . . . . . . 106
Жылдыздуу түн.
Сөзү Б. Абакировдуку.
Обону Т. Жоробековдуку . . . . . . . . . . . . . . 107
Гүлдөгөн колхоз аймагы.
Сөзү Б. Абакировдуку.
Обону Т. Карабаевдики . . . . . . . . . . . . . . . 108
Кайдасыңар курбулар.
Сөзү С. Эралиевдики.
Обону Ж. Эрмекалиевдики . . . . . . . . . . . . . 110

Селкинин ыры.
Сөзү С. Урманбетовдуку.
Обону Ү. Оморовдуку . . . . . . . . . . . . . . 111
Кырчын чак.
Сөзү Ж. Медетовдуку.
Обону А. Нурманбетовдуку . . . . . . . . . . . . 112
Жаш сулуу.
Сөзү А. Токтакуновдуку.
Обону Т. Томотоевдики . . . . . . . . . . . . . 113
Өз колунда
Сөзү обону Ү. Асаналиевдики . . . . . . . 115
Бешик ыры.
Сөзү Ж. Бекниязовдуку.
Обону И. Рыспаевдики. . . . . . . . . . . . . . 116
Наристем.
Сөзү К. Курманбаевдики.
Обону С. Бактыгуловдуку . . . . . . . . . . . . 118
Эрмегим
Сөзү Б. Абакировдуку.
Обону. К. Нуралиевдики . . . . . . . . . . . . 119
Жалгыз алма.
Сөзү А. Кыдыровдуку.
Обону С. Исраиловдуку. . . . . . . . . . . . . . 120
Бакча.
Сөзү А. Кыдыровдуку.
Обону Б. Тургунбаевдики . . . . . . . . . . . . 121
Бир түп карагат.
Сөзү Т. Кожомбердиевдики.
Обону М. Рыскулбековдуку . . . . . . . 122
Кас, кас, бөбөк.
Сөзү Д. Жамансартованыкы.
Обону Б. Исаковдуку . . . . . . . . . . . . . . 124
Тоо булак.
Сөзү Т. Сыдыкбековдуку.
Обону Б. Бейшеналиевдики . . . . . . . . . . . 125
Жаңы жыл.
Сөзү Ж. Садыковдуку.
Обону Г.Ашымованыкы . . . . . . . . . . . . . 126
Биз пионер.
Сөзү Т. Нурматовдуку.
Обону Э. Тургунбаевдики. . . . . . . . . . . . . 127
Тынчтык каты.
Сөзү А. Иманбаевдики.
Обону М. Акматовдуку . . . . . . . . . . . . . . 128

ВСТРЕЧА С ПЕСНЕЙ

/Сборник песен/

/На киргизском языке/

Издательство «Кыргызстан»

Атайын редактору М. Осмонов
Редактору А. Алышбаева
Сүрөтчүсү А. Акматов
Көркөм редактору Р. Жангарачева
Тех. редактору К. Бурганакова
Корректору Ж. Елтинова

ИБ 3823

Терүүгө 20.11.86-ж. берилди. Басууга 31.07.87. кол коюлду. Д-07066. Офсет кагаз. Адабий арибн, офсет менен басылды. Форматы 60×84 1/16. 8,5 физ. басма табак, 7,90 шарттуу басма табак, 6,562 учёттук табак, 8,074 боёк түшүрүү. Тиражы 3000. Заказ № 2225. Баасы 70 т.

Элдердин достугу ордендүү «Кыргызстан» басмасы,
720737, ГСП, Фрунзе шаары, Совет көчөсү, 170.

Кыргыз ССРинин басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитети, Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргыз полиграфкомбинаты.
720461, ГСП, Фрунзе, 5, Жигули көчөсү, 102